**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БАКАЙ-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БАКАЙ-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас кочосу № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**25.04.2024-ж.** **№ 4** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнө келишимдин негизинде алынган алты кызматкердин айлык акыларын бекитүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 «Кыргыз Республикасынын аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтому,"Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына ылайык,Бакай-Ата айыл өкмөтүнө келишимдин негизинде алынган алты кызматкердин айлык акыларын бекитүү жөнүндө Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовдун маалыматын угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 5-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнө келишимдин негизинде алынган алты кызматкердин айлык акылары 20.000 (жыйырма миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Ушул токтом Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн "bakaiata.kg" расмий сайтына жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**